**ИСКУССТВО**

**УДК:730**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-3/2-10-17**

**Заркунов М. А.**
ага окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
E-mail: jyldyzmarat@gmail.com

# КЫРГЫЗСТАНДЫН МОНУМЕНТАЛДЫК СКУЛЬПТУРАСЫ. АЙКЕЛЧИ, ПЕДАГОГ СЫДЫКОВ Б.К.

**Аннотация**: Бул макалада автор дүйнөлүк маданияттын тарыхында монументалдык скульптуранын орду жана анын маанисин кыскача баяндап, талдоо жүргүзгөн. Тарыхта пайда болуп, кайра жок болуп кеткен улуу мамлекеттерде монументалдык көркөм өнөрүнө зор маани берип, анын пайдалана билишкедиги айтылат. Кийин пайда болуп, калыптанган мамлекеттер дагы мындай таасирдүү көркөм өнөрдүн түрүн көңүлдүн сыртында калтырышкан эмес. Мындай мамилени кыргыз жеринде, совет бийлиги орногондон баштап байкоого болот.

Кыргыз монументалдык скульптурасындагы совет мамлекетинин ролу, тийгизген таасири тууралуу айтылып, көркөм өнөрдүн бул түрүнүн коомго болгон таасири чагылдырылган. Республикабыздагы айкелчилердин монументалдык чыгармалары кыскача берилип, алар борбор калаабыздагы даректери көрсөтүлгөн. Ошолордун арасынан Базарбек Сыдыковдун чыгармачылык жолу, өзгөчөлүгү жана анын педагогикалык ишмердүүлүгү тууралуу сөз болгон.

Базарбек Сыдыковдун жасаган ар бир монументалдык чыгамаларына талдоо жүргүзүлүп, алардын көркөмдүк жана эстетикалык баалуулугуна баа берилген. Базарбек Сыдыковдун жумуштуарынын архитектуралык жана айлана-чөйрөдөгү башка объекттер менен болгон байланышы жана айкалышы, гармониялуулугу сыпатталып, сүрөттөлүп берилген. Бул инсандын педагогикалык ишиндеги жетишкендитери жана зор тажрыйбасы тууралуу кенен баяндалып, маани берилген. 159

**Негизги сөздөр:** скульптура, композиция, ритм, монументалдуулук, айкелчи, барельеф, педагогика, көркөмдүк, империя, архитектура.

**Заркунов М. А.**
старший преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
E-mail: jyldyzmarat@gmail.com

# КЫРГЫЗСКОЕ МОНУМЕНТАЛЬНОЕ ИСКУССТВО. СКУЛЬПТОР ПЕДАГОГ СЫДЫКОВ Б.К.

**Аннотация**: В данной статье автор кратко описал и проанализировал место монументальной скульптуры и ее значение в истории мировой культуры. Говорят, что великие

государства, возникавшие и исчезавшие в истории, придавали большое значение монументальному искусству и умели им пользоваться. Возникшие и образовавшиеся позднее государства не обошли вниманием этот впечатляющий вид искусства. Подобное отношение можно наблюдать на киргизской земле со времени установления Советской власти.

Обсуждаются роль и влияние советского государства в монументальной скульптуре Киргизии, а также отражается влияние этого вида искусства на общество. Кратко представлены монументальные произведения скульпторов нашей республики, указаны их адреса в столице. Среди них состоялся разговор о творческом пути, особенностях и педагогической деятельности Базарбека Сыдыкова.

Проанализировано каждое монументальное произведение Базарбека Сыдыкова и оценена его художественная и эстетическая ценность. Описаны и описаны связь, сочетание и гармония творчества Базарбека Сыдыкова с архитектурными и другими объектами окружающей среды. Подробно описаны и приданы значения достижениям и большому опыту этого человека в педагогической деятельности.

**Ключевые слова:** скульптура, композиция, ритм, монументальность, скульптор, барельеф, педагогика, художественный, империя, архитектура.

**Zarkunov M. A.**
senior teacher
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
E-mail: jyldyzmarat@gmail.com

## KYRGYZ MONUMENTAL ART. SCULPTOR TEACHER SYDYKOV B.K.

**Annotation:** In this article, the author briefly described and analyzed the place of monumental sculpture and its significance in the history of world culture. They say that great states that have arisen and disappeared in history attached great importance to monumental art and knew how to use it. The states that arose and formed later did not ignore this impressive form of art. A similar attitude can be observed on Kyrgyz soil since the establishment of Soviet power.

The role and influence of the Soviet state in the monumental sculpture of Kyrgyzstan is discussed, and the influence of this type of art on society is reflected. The monumental works of sculptors of our republic are briefly presented, their addresses in the capital are indicated. Among them there was a conversation about the creative path, characteristics and pedagogical activity of Bazarbek Sydykov.

Each monumental work of Bazarbek Sydykov was analyzed and its artistic and aesthetic value was assessed. The connection, combination and harmony of Bazarbek Sydykov's creativity with architectural and other environmental objects are described and described. The achievements and extensive experience of this person in teaching are described in detail and given importance.

**Keywords:** sculpture, composition, rhythm, monumentality, sculptor, bas-relief, pedagogy, artistic, empire, architecture.

Дүйнө элдеринин маданиятында, тагыраак айтканда тарыхта пайда болуп, дүйнөнү дүңгүрөтүп бийик даражага жетип, кайра жок болуп кеткен Египет, Греция, Рим мамлекеттеринде монументалдык көркөм өнөрүн кастарлап, өтө зор маани беришкен. Бул

өнөр адам баласынын тарыхында эстетикалык эле мааниси болбостон, маданий, социалдык жана диний түзүлүштөрүнүн дүйнө таанымын жөнөкөй элге жеткире берүүдөгү мааниси болгон [1, б.98].

Искусствонун максаты–айлана чөйрөнүн реалдуу табыхый шартында болуп жаткан чындык кубулуштарынын чыныгы манызын ачуу болуп саналат. Адамзат жашоосунда кездешүүчү ар түрдүү скульптуралар жана жагымдуу көрүнүштөрдү баалап, ар кандай мамилелерди, кемчилдиктерди жоюу үчүн болгон күчүн жумшап, гумандуу мамилелерин өркүндөп өсүү үчүн умтулуп келет [2, б.7].

Кыргыз эли үчүн монументалдык скульптура жакынкы аранын ичинде эле, өткөн кылымдын кыркынчы жылдарынын башында пайда болгон десем жаңылышпайм. Монументалдык көркөм өнөрүнүн касиети ошол кездеги жаңы түптөлүп жаткан жаш мамлекетибиздин идеологиясынын пропагандалоодогу зор күчү боло алган [4,б.27]. Коомдук түзүлүштү алп күч-кубат менен куруп жаткан адамдардын образын элдин аң-сезимине жеткире берүүдө көркөм өнөрдүн зор маанисин ошол кездеги мамлекет башында турган большевиктер партиясы билгичтик менен пайдалана билген.



*1-сүрөт. Конституциялык соттун имараты*



*2-сүрөт. Опера жана балет театры*

Алгачкылардан болуп, Ольга Мануйлованын Бишкектеги КР Конституциялык Сотунун имаратынын фасадына 1941-жылы жасалган барельефи, 1942-жылы Панфилов паркындагы Советтер Союзунун баатыры, генерал Иван Панфиловдун эстелиги, улуттук опера жана балет театрынын жасалгалоодогу москвалык скульптор Ольга Минькова менен биргеликте жасалган скультуралык ансамбли, ажайып кооздугу менен борборубуз Бишкектин көркүнө көрк кошуп турат. 1-2-сүрөттөр. Ошону менен катар эле опера балет театрынын капталындагы жайгашкан улуу демократ-акыныбыз Токтогулдун эстелиги, кыргыз сүрөт искусствосунун аксакалы, биринчи кыргыз сүрөткери болгон Гапар Айтиевден калган эстелик. 3-сүрөт. Темир жол вокзалынын маңдайындагы көк-жашыл болгон алп балатылардын арасынан бакыйган М. В. Фрунзенин эстелиги скульпторлор А. Посядо, Л. Дубиновский, архитекторлор А. Исаев, Г. Кутателадзе аттуу авторлор аткарышкан чыгарма 1967-жылы

ачылган. 4-сүрөт. Бул эстеликтен өткөн бийликтин сүрүн, империялык саясатынын калбаттуулугун, эстетикалык сапатын баамдоого болот [3,б.18].



*3-сүрөт. Токтогулдун эстелиги*



*4-сүрөт. М. В. Фрунзенин эстелиги*

Бишкек шаарынын борборунда 1978-жылы «революция үчүн күрөшкөндөргө» арналып орнотулган, (5-сүрөт) башкы каарман Уркуя Салиева болгон мемориалдык комплексинин, Улуттук филармониянын алдындагы «Манас» скульптуралык-архитектуралык комплексинин, (6-сүрөт) Улуу ата мекендик согуштун каармандарына арналган мемориалдык комплексинин авторлорунун башында турган Тургунбай Садыков агайыбыздын кыргыз маданиятындагы эмгеги зор деп айтууга болот. Бул ажайып коолдуктагы эмгектер Совет бийлигинин элибизге белек катары калтырып кеткен эстеликтери деп баамдап билебиз.



*5-сүрөт. "Революцияга үчүн күрөшкөндөргө» арналган мемориялдык комплекс*



*6-сүрөт. «Манас» скульптуралык-архитектуралык комплекс*

Ошону менен катар эле кеткен биздин белгилүү кыргыз скульптор-монументалистери: В. Шестопал, Д. Жолчиев С. Ажиев, А. Турумбеков аттуу чоң сүрөткерлердин борборубуз Бишкек шаарынын эстетикалык-көркөмдүк деңгээлин жогору көтөрүп, көрсөтүп турган монументалдык чыгармаларын айтпай кеткен чоң жаңылыштык болот. В. Шестопалдын борбор шаарыбыздын «Эркиндик» бульварында турган Курманжан даткага арналган

эстелиги, (7-сүрөт), Д. Жолчиевдин «Эркиндик» бульварындагы акын-жазуучу Темиркул Үмөталиевдин эстелиги (8-сүрөт).



*7-сүрөт. Курманжан датканын эстелиги*



*8-сүрөт. Темиркул Үмөталиевдин эстелиги*



*9-сүрөт. Чыңгыз Айтматовдун эстелиги*



*10-сүрөт. Шабдан баатырдын эстелиги*

С. Ажиевдин борбор калаабыздын Киев көчөсүндө турган Чыңгыз Айтматовдун эстелиги, (9-сүрөт), автору А. Турумбеков болгон Бишкек шаарындагы «Жаштар аллеясындагы» Шабдан баатырдын эстелиги. (10-сүрөт). Мындай монументалдык эстеликтер биздин мамлекетибиз эгемендүүлүктү алгандан бери бир топ эсеге өстү десем

жаңылышпаймын. Совет мамлекетинин тушунда идеологияга жакпаган «Эл душмандары» аталган, эли үчүн зор эмгектерди жаратып кеткен инсандарыбыздын айкелдери коюлуп, азыркы мезгилде жана келерки мезгилдерде борбор калаабыз Бишкектин жана мекенибиздеги башка шаарларынын көркүнө көрк кошуп турат. Мындай көрүнүштөр, элибиздин өткөн тарыхына болгон таазими катары бааласак болот дагы, болочоктун ээлери болгон жаштарыбызга чоң таасирин тийгизип, патриоттуулукка багыттап, тарбиялык мааниге дагы ээ боло алат [5, б.40].

Жогорудагы аты аталгандардын арасынан чыгармачылык кудуретинин дүбүртүнүн даремети күчтүү болгон, өзү жөнөкөй, керсейип менменсинбеген дагы бир скульптор-монументалист Базарбек Сыдыков бар. Алыска барбай эле, «Кожомкул» атындагы спорт сарайыбыздын алдындагы турган Кожомкулдун эстелигиндеги каармандын образын ачып берүүдө автордун талантынын кудуретин ачыктан-ачык байкоого болот.11-12-сүрөттөр.




*11-12-сүрөттөр. Кожомку балбанга арналган эстелик*

Турпатындагы кайнап жаткан экспрессия деген, жогорку деңгээлдеги электр тогунун күчүндөй. Муну Кожомкул алптын таштай болуп түйүлгөн булчуңдарынан, өзүнүн көлөмүнөн чоң азоо атты көтөрүп, тайгак жолдо бараткан кыргыз балбанынын өжөрлүгүн, тоодой күчүн сүрөттөп бере алган. Монументалдык өнөрдүн дагы тайгак ашуусу, тик өйдө кеткен жолдору бар. Иштелип жаткан чыгарма архитектуралык чөйрөсү менен бап келиш керек, пропорция, масштаб деген өлчөмдөрдө гармония деген болуш керек. Мындан сырткары композицияны кармап турган ритм жана линия (сызыктар) деп аталган компоненттер бар. Бир үтүрдөн жаңылсаң эле, байкаган адамга оркоюп көрүнүп калат. Автор баамчылдык, кылдаттык аркылуу ушул компоненттер менен сезимталдуу иштей алган.

Борбордук аянтта турган «Манастын» эстелигине келе турган болсок, баатырдын жулкунган, энергиясы ашынган атынын келбетинен эле үстүндө кандай баатыр келе жатканы айтылат. Баатырдын сол колундагы кынсыз кылычы ары сүрдүү, ары салтанаттуу көрсөтсө, оң колу жайылып, тынчтыкка бейпилчиликке чакыргандай айкөл Манас атабыз. 13-14 сүрөттөр. Ушундай сүрөттөөлөр менен бир топ ойду топтоп, автор Манастын алп образын кенен айтып, идеалдаштырууга жетишкен. Айкелдик өнөрдө чыгарманы тегеренип карап баамдай алат, ушул маалда бир эле бөлүкчөсүнүн кыймыл аракети туура эмес берилип кала турган

болсо, композиция аксак болуп чыга келет. Кынтыксыз чеберчиликке талыкпаган, чарчап-чаалыкпаган эмгектин үзүрү аркылуу кана жетишүүгө болот.




*13-14-сүрөттөр. Манастын эстелиги*

И. Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин короосундагы И. Арабаевге жасалган бюсту шаңдуу көрүнүп, постаментинин пропорциясы жарашыктуу болуп турат. Бюстта И. Арабаев башын сол жакка саал буруп, алыска ойлуу көз чаптырышында, окумуштуунун кулк мүнөзүн, ички дүйнөсүнүн ойчулдугун далилдеп ачып бере алган. Ошондой эле Базарбектин Казак жергесинде дагы монументалдык иштери бар. Демек бул коңшу өлкөдө дагы өзүнүн чыгармачылык жогорку деңгээли менен таанымал боло алганга жетишкен.

Базарбек Сыдыков айкелчилик эмгектен сырткары педагогдук кесипти бир топ жылдан бери аркалап келет. Педагогикалык ишмердүүлүгүндө дагы чоң жетишкендиктери бар. Элүү жылдык тажрыйбасынын мээнети текке кетпей профессорлук наамды алууга жетишти. Бул ийгилиги жогорку окуу жайында эле отуз жылдан ашкан мээнетинин үзүрү. Азыркы мезгилде чарчап-чаалыкпай, кужурмөн эмгектин үстүндө.

Элүү жылдан ашык чыгармачылык жолунда дагы жасаган эмгектеринин үзүрүн көрүп, Кыргыз Эл сүрөтчүсү деген улуу наамга татыктуу болгон.

Бул наамдарга Базакем эбак эле жетишмек. Базакемдин жөнөкөйлүгү, жутунбагандыгы, кенебестиги, токпейилдүүлүгү буга себепкер.

Бүгүнкү күндө Базарбек агайыбыз И. Арабаев атындагы Мамлекеттик Университетинин Искусство жана Дизайн факультетинин Корком өнөр жана Дизайн кафедрасында эмгектенет. Бул адам кафедранын эле сыймыгы болбостон, университеттин чоң даражалуу адамы. Өткөн 2023-жылдын күзүндө, окуу жылынын башталышында университеттин деңгээлинде Базакемдин жетимиш жылдыгын белгиледик. Юбилейдин ачылышын ректорубуз, профессор А. Абдыраева салтанаттуу сөзү менен ачып берди. Жетимиш жылдык маарекеңиз кут болсун! Улуу ийгиликтер сизди коштоп, үзөңгүлөш болуп жүрсүн!

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Афанасьева В.К., В. Луконин, Н. Померанцева. Искусство Древнего Востока. — М.: Искусство, 1976. — 375 с.
2. Закиров У.А. Дүйнөлүк көркөм маданият жана көркөм искусство тарыхы. 1-том Бишкек 2015ж.
3. Мосолова Л.М. Изобразительное искусство Киргизии. – Фрунзе: Кыргызстан, 1967. 35 с. с илл.
4. Мосолова Л.М. Скульптура и монументально-декоративное искусство Киргизии. Фрунзе: Кыргызстан, 1975. – 34 с. с илл., 19 л. илл.
5. Уметалиева Дж.Т. Национальное и интернациональное в киргизском изобразительном искусстве. Искусство, 1976, № 6, с.48-52.


**Рецензент: профессор Шыгаев Ю.А.**